ПЕДАГОГИКА

УДК 37.0:311
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/2-168-175

**Абдывасиева З.А.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Ош ш.
zyrapaa1955@gmail.com
**Сагынбаева С.А.**
магистрант
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Ош ш.

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА ЖӨНӨКӨЙ МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНОМАДАНИЙ САЛТТАРЫНЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИН АЙКАЛЫШТЫРЫП КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

**Аннотация.** Бул макалада мектепте жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде математикалык билим берүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүлдү. Мында мектепке чейинки курактагы балдарга жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөлөргө кыскача талдоо жүргүзүлдү. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү кыргыздын улуттук баалуулуктары жана этномаданий салттарын айкалыштыруу менен калыптандыруу маселеси каралды. «Этнос», «эл», «маданият»-сөздөрүнө аныктама берилди.

«2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясы»на ылайык, билим берүүдө глобалдашуу менен улуттук баалуулуктарды айкалыштыруунун зарылдыгы, себеби, глобалдашуу учурунда улуттук баалуулуктардын жоголуп кетүү коркунучунда турары айтылат. Ошондуктан, макалада улуттук баалуулуктарды жана этномаданий салттарды сактап калуу жана күчөтүүнүн маанилүүлүгү көрсөтүлөт. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү кыргыз элинин этномаданий салттарынын элементтерин айкалыштыруу менен калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, талданды.

**Негизги сөздөр:** элдик, этномаданий, салттар, математикалык, түшүнүктөр, калыптандыруу, педагогикалык шарттар, улуу тайпа курактагы.

**Абдывасиева З.А.**
кандидат педагогических наук, доцент
Ошский государственный педагогический университет
г. Ош
zyrapaa1955@gmail.com
**Сагынбаева С.А.**
магистрант
Ошский государственный педагогический университет
г. Ош

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ПРОСТЫХ МАТЕМАТИЧЕСКИХ ПОНЯТИЙ У ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА В СОЧЕТАНИИ С ЭЛЕМЕНТАМИ ЭТНОКУЛЬТУРНЫХ ТРАДИЦИЙ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

**Аннотация.** В данной статье показана важность математического образования в школьных и дошкольных образовательных учреждениях. Проведен краткий анализ исследований по формированию простых математических понятий у детей дошкольного возраста. Рассмотрена проблема формирования простых математических понятий в сочетании с национальными ценностями и этнокультурными традициями кыргызского народа. Даны определения словам «этнос», «народ», «культура».

В соответствии с «Концепцией развития образования в Кыргызской Республике на 2021-2030 годы» говорится о необходимости сочетания глобализации с национальными ценностями в образовании, так как в период глобализации национальные ценности находятся под угрозой исчезновения. Поэтому в статье показана важность сохранения и укрепления национальных ценностей и этнокультурных традиций. Определены и проанализированы педагогические условия формирования простых математических понятий в сочетании с элементами этнокультурных традиций кыргызского народа.

**Ключевые слова:** педагогические условия формирования математических представлений у детей старшего дошкольного возраста посредством народных, этнокультурных традиций.

**Z.A. Abdyvasieva**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Osh State Pedagogical University
Osh c.
zyrapaa1955@gmail.com
**S.A. Sagynbaeva**
master's student
Osh State Pedagogical University
Osh c.

# PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR THE FORMATION OF SIMPLE MATHEMATICAL CONCEPTS IN PRESCHOOL CHILDREN IN COMBINATION WITH ELEMENTS OF ETHNOCULTURAL TRADITIONS OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Abstract.** This article highlights the importance of mathematical education in school and preschool educational institutions. A brief analysis of research on the formation of simple mathematical concepts in preschool children is presented. The problem of forming simple mathematical concepts in combination with national values and ethnocultural traditions of the Kyrgyz people is considered. Definitions are given for the words «ethnos», «people», «culture». In accordance with the «Concept for the Development of Education in the Kyrgyz Republic for 2021-2030», the necessity of combining globalization with national values in education is emphasized, as national values are at risk of disappearing during globalization. Therefore, the article shows the importance of preserving and strengthening national values and ethnocultural traditions. The

pedagogical conditions for the formation of simple mathematical concepts in combination with elements of ethnocultural traditions of the Kyrgyz people are identified and analyzed.

**Keywords:** pedagogical conditions for the formation of mathematical concepts in older preschool children through folk, ethnocultural traditions.

Учурда билим берүү системасында эрте жаш курактагы балдардын ар тараптан өнүгүүсүнө чоң көңүл бурулууда. Балдарга эрте жаш курактан баштап (бир нече айдан-6-7жаш курагы) системалуу билим берүүнүн маанилүүлүгү көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн жана иш тажрыйбалардын жыйынтыктары менен негизделет.

Мектепке чейинки курактагы же мектепте окуган балдарда математикалык билимдеринин төмөндүгү же алардын математика сабагына кайдыгерлиги, алардын математикалык сабаттуулугунун төмөндөшүнө алып келет. Бул демек, жаш муундун келечектеги математикага болгон жөндөмүн бүтүндөй жокко чыгарарына алып барары белгилүү.

Математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү баланын күнүмдүк турмушунда жана атайын уюштурулган сабактарда жүргүзүлөт. Курчап турган дүйнө менен таанышуу процессинде чоңдор менен өз ара ишмердүүлүктө, конструкциялоо процессинде, сүрөт ишмердүүлүктөрдө, музыкалык сабактарда, сейилдөө жана эркин ишмердүүлүктөрдө балдарда предметтердин формасы, чоңдугу, өлчөмү, түсү жана алардын саны менен таанышуусу ишке ашат. Мисалы, Дъенештин блогу менен жөнөкөй бир оюнду ойноо учурунда түс, форма жөнүндө түшүнүктөр, дагы бийик-жапыз, жогоруда – төмөндө, чоң-кичине, узун-кыска, бирөө-көп ж.б. билимдер бышыкталат.

Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу процессинде билим берүүнүн мазмунунун маанилүүлүгүн түшүнүү В. С.Ледневанын, И. Я. Лернердин, М. Н. Скаткиндин ж.б. жалпы теориялык иштелмелеринде чагылдырылган. Мектепке чейинки математикалык билим берүүнүн мазмуну жөнүндө илимий-теориялык жоболор А. В. Белошистаянын, Е. С. Дёминанын, Т. И. Ерофееванын, А. М. Леушинанын, З. А. Михайлованын, А. А. Столярдын, Т. В. Тарунтаеванын ж. б. изилдөөлөрүндө иштелип чыккан.

Заманбап биздин коомдун өнүгүүсү коомдук-маданий шарттарда, социалдык-экономикалык жана руханий кризисти жеңүү зарылдыгы, элдердин этномаданий салттарын сактоо проблемаларын актуалдаштырууда.

"2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясы"нын, 1-бөлүмү Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн артыкчылык багыттарынын 4-пунктунда Билим алуучуларда улуттук баалуулуктар системасын калыптандырууга багытталган тарбия берүүдө: билим берүүгө дүйнөлүк ааламдашуу жана улуттук баалуулуктарды айкалыштыруу зарыл. Ааламдашуу процессинде улуттук баалуулуктардын жоюлуп кетүүсүнүн чоң опурталдуулугу камтылган анткени бул процессте улуттук баалуулуктардын ролун сактап калуу, ал тургай көбөйтүү маанилүү - деп айтылат [1, 4 б].

Инсанды, анын ичинде мектеп жашына чейинки балдарды да коом мүчөлүгүнө даярдоодо улуттук тажрыйбаларга таянуу маселеси, бардык педагогдор тарабынан колго алынган. Я.А.Каменский бул идеяны колдоо менен, мындай деп айткан: "Оозэки чыгармалар элдин руханий дүйнөсүн, интеллектуалдык маданиятын, өстүрүп өнүктүрүүнүн пайдубалы. Нагыз элдик руханий асылдыктарга сугарылбаган инсан, өз элинин чыныгы атуулу боло албайт"-деген [3].

Ушуга байланыштуу билим берүүнүн мазмунунун азыркы педагогикалык теориясында этномаданиятка адамзаттын руханий маданиятынын камтылган тарыхы, этностук топтун жамааттык эс тутуму, элдин системалаштырылган тажрыйбасы катары чоң орун берилээри абзел.

Адегенде *“этнос”*, “*эл*”, “*уруу*” түшүнүгүн аныктайлы.

Этнос (кыскача айтканда) - белгилүү бир аймакта тарыхый жактан калыптанган, башка этностордон айырмалуу болгон белгилүү биримдикке, ошону менен бирге туруктуу маданият, тил, жүрүм-турум, ой жүгүртүүгө ж. б. ээ болгон, тагыраак айтканда, этнос – уруу, эл, улут катары калыптанган тарыхый туруктуу адамдардын тобу [4, 43 б.].

Теги, уруу, эл, улут – тарыхый өнүгүүнүн ар кандай этаптарындагы адамдардын жамааты.

Теориялык анализдин негизинде, белгилүү улуттун маданияты жана адебин чагылдырган, ата – бабадан өтүп келген жүрүм турум жана ишмердүүлүктүн формалары катары каралган тарыхый калыптанган «*этномаданий салт*» түшүнүгүнө жумушчу аныктама берели.

Этимологиялык көз караштан алганда “*маданият*”-“*culture*” сөзү “*colere*” этишинен келип чыккан бул “адамдын акылына жана руханий дүйнөсүнө таасир берүү” дегенди билдирет [2, 671 б].

*«Этно маданий салт»– кандайдыр бир элдин турмуш тиричилигиндеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ырым-жырым, адеп-ахлак, каада-жөрөлгө, жол-жоболордун ж.б. жыйындысы [4, 44 б].*

Окумуштуу педагогдордун психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрүн талдоодон, илимде мектепке чейинки курактагы балдарга этномаданий багыттагы математикалык билим берүү маселелелерин чечүү үчүн өбөлгөлөр түзүлгөндүгүн көрүүгө болот.

Улуттук салттуу маданияттагы жана элдик фольклордук чыгармалардагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген эмгектерди (Р.А.Абдираимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, А.Аттокурова, В.Ф. Афанасьев, К.Ш.Ахияров, Ж.Б.Бешимов, А.Ш. Гашимов, А.Э. Измайлов, М.Р.Рахимова, Т.О.Ормонов ж.б.), этнодидактиканы (Г.Н.Волков, Ф.Г.Ялалов), сөздү тарбиялоонун каражаты катары караган эмгектерди (Н.И.Имаева, А.Т.Калдыбаева, Ш.А. Мирзоев, А.Ж.Муратов, С.К.Рысбаев) биздин темага жакын темаларда соңку учурда корголгон диссертацияларды (И.Даминова, М.М.Сабирова, Б.А.Абдымомунова, К.К.Акматов, Г.Ж.Байышова, Ж.Ж.Тургунбаева ж.б.) пайдалануу менен тарбия жана билим берүү маселелерин дагы да конкреттештирип, кыргыз элдик чыгармаларындагы дидактикалык жанрдагы чыгармалар аркылуу мектепке чейинки математикалык билим берүү жана тарбиялоонун абалын изилдөөнү бул багытты өркүндөтүү боюнча усулдук сунуштарды иштеп чыгуу максаты коюлду [5, 6 б].

Жалпы билим берүүнүн мазмунуна этностук салттардын элементтерин жайылтуу, билим берүүнүн мазмунунун улуттук регионалдык маселелерин окуп үйрөнүүгө жардам берээри ачыктан айкын. Н.К. Тунгатарованын «Бала бакчанын 6-7 жаштагы балдарын кыргыздын улуттук каада салттары аркылуу социалдаштыруу» (2008), Т. Коңурбаевдин «Формирование ценностных ориентаций у старших дошкольников на основе кыргызских народных традиций» (1999), Т.А. Умурбекова «Мектеп жашына чейинки балдардын дене тарбиясында кыргыз фольклорун колдонуунун педагогикалык негиздери» (2013) ж.б. илимий эмгектери кыргыз элдик салттарынын негизиндеги эмгек катары кызыкчылыкты жаратат.

Учурда кыргыз элинин каада салттык маданиятына арналган көптөгөн илимий

макалалалары жарыкка чыгып келет. Аларга этнограф, тарыхчы, фольклорчу, искусство илими жагынан адистер, педагогдордон С.М.Абрамзон, Д.Айтбаев, Д.Айтмамбетов, А.Байбосунов, Г.Баялиева ж.б. эмгектеринен учуратууга болот. Ошондой болсо да, айрым жагдайлардан улам улуу муундун өкүлдөрүнүн эстутумунда сакталган этномаданий салттардан уникалдуу билим жана тажрыйбалары жетиштүү түрдө топтолуп, илимий жактан ырааттуу түрдө изилдене элек. Аны менен бирге белгилей кетчү нерсе, так илимдер, математика, физиканы өзгөчө проблемаларын окуп үйрөнүү толугу менен каралган эмес.

Кыргыз математикалык терминологиясына байланышкан илимий изилдөөлөр бар, бирок бирин серин гана санда.

Кыргызстанда мектепке чейинки курактагы балдарга математикалык түшүнүктөрдү үйрөтүү маселеси азырынча толук изилдене элек. Көптөгөн изилдөөлөр болгонуна карабастан, бул тема актуалдуу бойдон калууда. Айрыкча, кыргыз элинин улуттук маданиятын жана салттарын айкалыштыруу менен балдарга жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу ыкмалары жана теориялары жетишсиз иштелип чыккан.

Мамлекет менен коом маданий мурасты жандандырууга кызыкдар болуп, билим берүү системасы бул муктаждыкты канааттандырууга реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Мектепке чейинки курактагы улуу тайпадагы балдарга жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү улуттук салттарды айкалыштыруу менен калыптандыруу эң натыйжалуу болуп эсептелет. Бул жыйынтык илимий адабияттарды жана билим берүү боюнча нормативдик документтерди талдоонун, ошондой эле мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы менен практикасындагы көйгөйлөрдү изилдөөнүн негизинде чыгарылган:

- бардык элдердин маданий мурастарын кайра жаратууга мамлекеттин жана коомдун кызыгуусун күчөтүү жана аларды билим берүү системасы менен канааттандыруунун реалдуу мүмкүнчүлүктөрү;
- мектепке чейинки курактагы балдарга өзүнүн элдик маданиятынын элементтерине эрте киришүү зарылчылыгы жана аталган процессти камсыздаган педагогикалык шарттардын жетишсиз иштеп чыгылуусу;
-мектепке чейинки курактагы улуу тайпанын балдарына жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда улуттук маданияттын элементтерин айкалыштыруу абдан маанилүү. Бирок, Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү улуттук баалуулуктар менен айкалыштырып үйрөтүүнүн методдоруна жетиштүү материалдардын жана педагогикалык шарттардын жоктугу карама-каршы пикирди жаратат.

Бул карама-каршылыктар теориялык негиздөөдөн, *педагогикалык шарттарды аныктоодон*, аны илимий негиздөө жана улуттук салттарды пайдаланууга негизделген мектепке чейинки билим берүү системасында балдарда жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруудан турган изилдөө проблемасын актуалдаштырат.

Мектепке чейинки билим берүү процессинде балдардын турмуштук тажрыйбасын, алардын күнүмдүк турмушунун өзгөчөлүктөрүн эске алып, педагогдордун этномаданий контекстте балдарга кайрылуусунун жетишсиздиги бизге белгилүү. Мындан ары биз жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү кыргыз элинин этномаданий салттарынын элементтерин айкалыштыруу менен калыптандыруунун *педагогикалык шарттарын* аныктоого аракет кылуу чечимин кабыл алынды.

Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү кыргыз элинин этномаданий салтынын элементтери менен айкалыштырып калыптандыруу маселесин чечүүгө жардам берүүчү билим

берүү жараянын уюштуруунун *милдеттүү шарты* болуп, мектепке чейинки курактагы улуу тайпанын балдарына математикалык билим берүүнү кыргыз этномаданий салттарынын элементтери менен айкалыштыруу зарылдыгын эске алуу менен программаны иштеп чыгуу саналат.

Билим берүү, маданият, инсандын өз ара байланышы программаны түзүүдө баштапкы теориялык абал болуп саналат. Математика билим берүүнүн маданиятка өтүшү-бул руханий кризистен чыгуунун издөө жолдорунун бири болуп саналат.

Балдарда жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн зарыл болгон *башка педагогикалык шарттар* катары төмөнкүлөрдү эсептейбиз жана алар менен балдарга жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү кыргыз элинин улуттук салттарынын элементтери аркылуу үйрөтүү программасын ишке ашырууга болот.

**-***Мазмунун байытуу:* Балдардын мейкиндик, убакыт жана сандык түшүнүктөрүн кыргыз элинин салттарына байланышкан билим жана тажрыйба аркылуу кеңейтүү. Бул үчүн кыргыз элинин турак жайы (боз үй), элдик календарь, салттуу өлчөө бирдиктери жана улуттук оюндар колдонулат.

-*Салттарды интеграциялоо***:** Балдардын жөнөкөй математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу процессине кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын (жомоктор, макал-лакаптар), элдик оюндарын жана салттуу өлчөө бирдиктерин киргизүү, алган билимдерин өз алдынча иштерде ишке ашыруу.

**-***Билимди колдонуу:* Балдардын алган билимдерин жана көндүмдөрүн өз алдынча аракеттерде жана оюндарда колдоно билүүсүнө шарт түзүү.

Бул программанын негизинде, балдар математиканы жөн эле сан жана форма катары эмес, кыргыз маданиятынын бир бөлүгү катары таанып, алардын логикалык ой жүгүртүүсү жана билимге болгон кызыгуусу артат.

Балдарда жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн зарыл болгон педагогикалык шарттардан төмөнкү жоболор келип чыгат.

1.Кыргыз элинин улуттук салттары балдарды социалдык дүйнө менен тааныштырууда жана алардын инсандыгын өнүктүрүүдө чоң роль ойнойт. Этномаданий өзгөчөлүктөрдү камтыган, жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделген бул салттар балдардын сезимин ойготуп, аларга өз элинин маданиятын жана тажрыйбасын активдүү өздөштүрүүгө жардам берет жана бай мазмун мектепке чейинки курактагы улуу тайпанын балдарын социалдык байланыштар дүйнөсүнө алып кирет. Ошондуктан, бул баалуулуктарды жана салттарды мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык билим берүүсүнө, тактап айтканда, жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу процессине киргизүү абдан маанилүү. Бул ыкма балдардын окууга болгон кызыгуусун арттырып, алардын билимди эмоционалдык жактан кабыл алуусуна өбөлгө түзөт.

2.Кыргыз элинин улуттук маданиятынын жана тарыхынын негизинде мектепке чейинки балдардын математикалык түшүнүктөрүн өнүктүрүү абдан натыйжалуу. Кыргыз элинин салттарын, жаратылышка болгон мамилесин жана турмуштук тажрыйбасын колдонуу менен, балдар математиканы жашоосуна байланыштуу, кызыктуу жол менен үйрөнө алышат. Бул ыкма билим берүүнү мазмундуу жана практикалык кылып, балдардын билим алуусуна оң таасирин тийгизет.

3. Мектепке чейинки улуу тайпа курактагы балдарга жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу процессинде кыргыз элинин этномаданий салттарынын элементтерин өздөштүрүүсү, программанын атайын оюн тапшырмаларын, көнүгүүлөрүн,

табышмактарды, макал-лакаптарды, аңгемелерди, жомокторду, кыргыз элинин элдик оюндарын, дүйнөнү таануу каражаттары болгон символдор жана элдердин жашоо турмушун уюштуруу системасын камтыган мазмунун иштеп чыгууну талап кылат;

3.Балдардын жөнөкөй математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу үчүн кыргыз элинин маданий салттарын колдонуу керек. Бул үчүн атайын программанын мазмунун иштеп чыгуу зарыл. Программа төмөнкүдөй элементтерди камтышы керек*: Оюн жана көнүгүүлөр:* Математикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө багытталган атайын тапшырмалар; *Оозеки чыгармачылык:* Табышмактар, макал-лакаптар, аңгемелер жана жомоктор аркылуу билим берүү; *Элдик оюндар***:** Кыргыздын салттуу оюндарын колдонуп, математикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү; *Символдор жана турмуш***:** Кыргыз элинин жашоо-турмушун чагылдырган символдор жана системалар аркылуу дүйнөнү таануу.

Мындай ыкма балдардын математиканы кызыктуу жана мазмундуу жол менен үйрөнүүсүнө шарт түзөт.

4.Мектепке чейинки курактагы улуу тайпаларда кыргыз элдик каада салттарынын элементтерин камтыган жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдүн мазмунун элдик ооз эки чыгармалар, элдик оюндар, элдик өлчөө чендери, элдик календарь, маданий жашоо салттары жана балдардын өз алдынча ишмердүүлүгүндөгү колдонуу тажрыйбалары менен байланышкан саноо-сандык компоненттер менен байытуу абзел.

4.Балдардын жөнөкөй математикалык түшүнүктөрүн калыптандырууда кыргыз элинин салттарын колдонуу абдан маанилүү. Бул ыкма математикалык билимди байытып, аны балдар үчүн кызыктуу кылат. Бул мазмунду төмөнкүдөй элементтер аркылуу кеңейтүүгө болот:

*Оозеки чыгармалар:* Жомоктор, макал-лакаптар жана табышмактар аркылуу саноо түшүнүгүн өнүктүрүү; *Элдик оюндар:* Кыргыздын салттуу оюндарын колдонуп, сандык жана мейкиндик түшүнүктөрүн бекемдөө; *Улуттук өлчөөлөр:* Элдик өлчөө бирдиктерин (мисалы, карыш, кулач ж.б.) пайдаланып, ченөө жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу*; Элдик календарь:* Жыл мезгилдери, айлар жана күндөр тууралуу түшүнүктөрдү элдик этно маданий салттын элементтери аркылуу үйрөтүү; *Күнүмдүк турмуш:* Балдардын күнүмдүк жашоосунда жана оюндары учурунда ушул түшүнүктөрдү колдонууга мүмкүнчүлүк берүү.

Бул ыкма менен балдар математиканы жөн эле окуу эмес, турмуш менен байланышкан, практикалык жана маданий байлык катары кабыл алышат.

Жогоруда мектепке чейинки билим берүү уюмдарында математикалык билим берүүнүн маанилүүлүгү жана изилдөөлөр кыскача каралды.

Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясында билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири — билим алуучуларда улуттук баалуулуктарды калыптандыруу каралган. Ага ылайык жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү кыргыз элинин этно маданий салтынынын элементтери менен айкалыштырып калыптандыруу маселесин чечүүгө жардам берүүчү билим берүү жараянын уюштуруунун педагогикалык *шарттары толугу менен берилди, талданды.* Аныкталган шарттардын негизинде мектепке чейинки улуу тайпа курагындагы балдарга жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү этномаданий салттардын элементтери менен калыптандыруу маселелерин чечилет.

Бул макала мектепке чейинки билим берүүчү уюмунун педагогдору, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигинде окуган студенттер үчүн керектүү материал болот деген үмүттөбүз.

**Адабияттар:**

1. “2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн

концепциясы"нын, 1-бөлүмү, 4-пункт, – 4-б.
2. Кравченко, А. И. Культурология [Текст]: словарь / А. И. Кравченко. – М.: Акад. Проект, 2000. – 671 с.
3. Козлова, С.А. Дошкольная педагогика [Текст], учебное пособие для студентов [Текст]/С.А.Козлова, Т.А. Куликова-4-е изд. – М: Академия, 2002.
4. Осмонов, Дж. История Кыргызстан [Текст] / под ред Дж.Осмонов. – Бишкек 2000-г. – 43 с.
5. Сабирова, М.М. «Мектепке чейинки жогорку курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары» [Текст]/М.М.Сабирова Дисертац. работа. – Бишкек, 2023. – 6 б.